КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТҮП РАЙОНУ
ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП

**Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XXVIII-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 30-апрели № 233 Түп айылы

**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жер аянттарын берүү үчүн Түп айыл өкмөтү тарабынан мыйзамсыз түзүлгөн келишимдерин жокко чыгаруу жөнүндө**

Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жер аянттары Түп айыл өкмөтү тарабынан мыйзамсыз түзүлгөн келишимдердин негизинде берилгендиги тууралуу талкуулоолордон кийин Түп айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XXVIII-сессиясы Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктунун негизинде **токтом кылат:**

1. Түп айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жер аянттарын Түп айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №247 токтомунун негизинде туура эмес түзүлгөн келишимдери жокко чыгарылсын.

2. Мыйзамсыз түзүлгөн келишимдери жана токтомдору жокко чыгарылгандан кийин бошогон жер аянттары, мыйзам чегиндеги Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо тууралуу" № 243 токтому менен бекитилген Типтүү жобонун негизинде кайрадан берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Түп айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Чоркозовго милдеттендирилсин.

Төрайым **А.О.Орозбекова**